968.

**БЕКИТЕМ**
**Кыргыз Республикасынын**
**Саламаттык сактоо министрлигинин**
**Дары-дармектер жана медициналык**
**техникалар менен камсыздандыруу**
**департаментинин башкы**
**директорунун биринчи орун басары**
**Дуйшеналиев Н.К.________________**
**«__17__»__октябрь__20__17__- ж.**

# ДАРЫ КАРАЖАТЫН МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

## ИСЛА-МООС
## (ISLA-MOOS®)

**Каттоо номери: ___________________**

**Соодадагы аталышы**
Исла-Моос

**Эл аралык патенттелбеген аталышы**
Жок

**Курамы**
1 пастилкада төмөнкүлөр камтылган:
*Активдүү зат*: исландия мамык чөбүнүн суулуу экстракты 80 мг (0,4-0,8:1);
*Көмөкчү заттар:* акация (гуммиарабик), сахароза, минералдык жеңил май, карамелденген кант (Е 150 с), тазартылган суу.

**Сүрөттөмө**
Күрөңүрөөк түстөгү, резина сымал пастилкалар.

**Дарынын түрү**
Пастилкалар.

**Фармадарылык тобу**
Тамак жана ооз көңдөйүнүн оорулары учурунда колдонулуучу дарылар.
АТХ коду: R02A

**Фармакологиялык касиеттери**

Исла-Моос дарысында Cetraria islandica (исландия мамык чөбү) дары өсүмдүгүнүн кургатылган суулуу экстракты камтылган, дем алуу жолдорунун сезгенүү ооруларында айкын дарылык таасиринин аркасы менен мурда ал көптөгөн өнүккөн байыркы цивилизацияларда колдонулган.

Дем алуу жолдорунун сезгенүү ооруларында Исла-Моос дарысынын жөтөлгө каршы аракети таасир берүүчү заттын микробго каршы активдүүлүгүнө негизделет. Дарыда камтылган полисахариддер дем алуу жолдорунун былжыр чел кабыгын капташат жана аны сырткы чөйрө менен ар түрдүү дүүлүктүргүчтөрдүн зыян келтирүүчү таасиринен натыйжалуу коргошот.

Исла-Моос дарысы ошондой эле коргоочу касиеттерге ээ болгондуктан, дем алуу жолдорунун өзгөчө сезгичтигинде же дем алуу жолдоруна абдан күч келген учурда (мисалы, спорт мелдештеринде) аны алдын ала чара көрүү каражаты катары колдонууга болот. Дарынын микробго каршы жана иммуностимуляциялык касиеттери илимий изилдөөлөрдө тастыкталган.

Суук тийүү коркунучу бар болгон учурда Исла-Моос дарысын алдын ала чара көрүү максатында колдонуу дем алуу жолдорунун ар кандай түрдөгү инфекцияларга кабылуусун төмөндөтүүгө көмөк көрсөтөт.

**Колдонууга көрсөтмөлөр**

Тамактын инфекциялык-сезгенүү оорулары: ларингит, фарингит ошондой эле аллергиялык жол менен пайда болгон оорулар (кургак, дүүлүктүрүүчү жөтөл, үндүн кыргылданып чыгышы); курч жана өнөкөт бронхитте, бронха астмасында комплекстүү дарылоонун курамында кургак жөтөлдү симптоматикалык дарылоо катары колдонулат;

Үн байламталарына абдан күч келгенде колдонулат (ырчыларда, мугалимдерде, лекторлордо).

Ооз көңдөйүнүн жана тамактын былжырлуу чел кабыгынын кургап кетишинде жана дүүлүгүсүндө колдонулат (бөлмөлөрдү жылытуу мезгилинде нымдуулугу жетишсиз, кургак абаны дем алганда, кондиционер менен жабдылган бөлмөлөрдө, мурундун чектелген дем алуусунда, ошондой эле спорт мелдештери учурунда).

**Колдонуу жолу жана дозалоо тартиби**

Чоңдорго жана 12 жаштан жогорку курактагы балдарга 1 пастилкадан ар бир саат сайын (күнүнө 12 пастилкага чейин) кабыл алуу керек, 4-12 жашка чейинки балдарга – 1 пастилкадан ар бир 2 саат сайын (күнүнө 6 пастилкага чейин), оозДо акырындап эритип соруу керек.

Исла-Моос дарысы жакшы көтөрүмдүү болгондуктан, аны коркпостон узак убакыт бою кабыл алууга болот.

Андан сырткары оорунун симптомдору кетип калгандан кийин туруктуу дарылык оң натыйжага жетүү үчүн Исла-Моос дарысын дагы бир канча күн кабыл алуу керек.

Эгерде 4-5 күн аралыгында оорунун туруктуу симптомдору азайбаса, же тескерисинче начарласа, энтигип дем алуу, калтыроо, ошондой эле ириңдеген жана кан аралаш какырык пайда болгондо дароо дарыгер менен кеңешүү керек.

**Каршы көрсөтмөлөр**

Дарынын кандайдыр бир курамдык бөлүгүнө белгилүү жогорку сезгичтик бар болгон учурда дарыны дайындоого болбойт.

**Ашыкча доза**

Азыркы күнгө чейин дарынын токсиндүү таасири жөнүндө белгисиз.

Дарынын курамдык бөлүктөрүнүн фармакологиялык касиеттеринин жардамы аркылуу Исла-Моос дарысын көп өлчөмдө байкабай кабыл алуудан кийин да токсиндүү таасир байкалган эмес.

**Өзгөчө алдын ала эскертүүлөр жана алдын алуу этияттык чаралары**

Исла-Моос дарысынын курамында камтылган өсүмдүк экстрактылары кээде бул дары каражаттын өң-түсүнүн жана даамынын өзгөрүүсүнө себеп болушу мүмкүн, андыктан бул нерсе анын дарылык таасирине залакасын тийгизбейт.

Исла-Моос дарысын кант диабети менен жабыркаган бейтаптар этияттык менен кабыл алуулары керек.

**Башка дары каражаттары менен өз ара таасири**

Башка дары каражаттары менен өз ара таасири бүгүнкү күнгө чейин белгисиз.

**Кош бойлуулук жана бала эмизүү мезгилинде колдонуу**

Бардык башка фармацевтикалык дарылар сыяктуу эле Исла-Моосту кош бойлуулук жана бала эмизүү мезгилинде алдын ала дарыгер менен кеңешүүдөн кийин гана колдонуу керек.

**Авто унааны башкарууда же башка механизмдер менен иштөөдө реакциянын ылдамдыгына таасир тийгизүү жөндөмдүүлүгү**

Дарыны нускамага ылайык колдонууда аны кабыл алуунун эч кандай натыйжалары күтүлбөйт.

**Жарактуулук мөөнөтү**

4 жыл.

Таңгакчада көрсөтүлгөн жарактуулук мөөнөтү аяктагандан кийин колдонууга болбойт.

**Сактоо шарты**

25 $^{o}$C дан жогору эмес аба табында, балдар жетпеген жерде сактоо керек.

**Таңгагы**

Алюминий фольгадан жана ПВХ-пленкасынан турган блистерде 10 таблеткадан. 3 блистер медицинада колдонуу боюнча нускамасы менен кошо картон кутуга салынат.

**Чыгаруу категориясы**

Рецепти жок.

**Өндүрүүчү-мекеме**
Энгельгард Арцнаймиттель ГмбХ & Ко. КГ.
Херцбергштрассе 3,
61138 Нидердорфельден,
Германия.

**Расмий өкүлү**
Альпен Фарма АГ, Берн, Швейцария